**УДК:372.881.111.1(575.2)(04)**
**DOI 10.53473/16946324_2025_1**

**Токонова Айдана Акилиновна,** Эл аралык жогорку медициналык мектебинин гуманитардык сабактар кафедрасынын окутуучусу aydana.tokonova@gmail.com

**Токонова Айдана Акилиновна,** преподаватель кафедры гуманитарных дисциплин Международной высшей школы медицины aydana.tokonova@gmail.com

**Tokonova Aidana Akilinovna Teacher,** of humanities department of International higher school of medicine

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СТУДЕНТТЕРДИН КЫРГЫЗ ТИЛИН ӨЗДӨШТҮРҮҮДӨГҮ ЭҢ МААНИЛҮҮ ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУ ЫКМАЛАРЫ

# ОСНОВНЫЕ И ЭФФЕКТИВНЫЕ МЕТОДЫ ИЗУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА ДЛЯ ИНОСТРАННЫХ СТУДЕНТОВ

# THE MOST IMPORTANT AND EFFECTIVE METHODS OF LEARNING THE KYRGYZ LANGUAGE FOR FOREIGN STUDENTS

***Аннотациясы:*** *Азыркы мезгилде кыргыз тилин чет тили катары үйрөтүүдө ар кандай ыкмаларды колдонууга көп маани берилип жатат. Чет тилдерди окутуунун көп ыкмалары бар экендигин белгилей кетүү керек. Ар түрдүү ыкмаларды колдонуу, туура жана эффективдүү сабак өтүүгө жардам берет. Окутуу ыкмасы – сабак окутуунун эң маанилүү компоненти болуп саналат. Белгилүү кандайдыр бир ыкмалар болбосо мугалим өз максатына жете албайт, окуу процессин сапаттуу жана мазмундуу кыла албайт. Чет элдик студенттерди окутуунун эффективдүү жана кызыктуу ыкмаларынын бири чет тилин окутуудагы оюн ыкмалары. Анын негизин мотивация түзөт. Оюн ыкмасы студенттердин кыргыз тилин чет тили катары үйрөнүүдө кызыгуусун арттырат. Оюнда бардык студенттер бирдей деңгээлде болушат, эң начар студентке да сабак жеткиликтүү болот. Бул макалада оюн ыкмасы кыргыз тилин окутуу процессинде эң маанилүү факторлордун бири экендиги каралат. Макалада кыргыз тилин окутууда чоң ийгиликке жетүү үчүн оюндар кандай жардам берет, кандай функцияларды аткарат жана кандай оюндарды кыргыз тилинде колдонсо болоорун аныктоо болгону айтылат.*

***Негизги сөздөр***: *Ар түрдүү ыкмаларды колдонуу, эффективдүү жана кызыктуу ыкмалар, оюн ыкмасы.*

***Аннотация:*** *Сегодня уделяется большое внимание для создания различных методик обучению кыргызскому языку как иностранному. Следует заметить что существует множество методик преподавания иностранных языков. Каждая из методик по-своему эффективна. Разнообразные методы преподавания позволяют преподавателям вести грамотное, рациональное и эффективное обучение студентов. Методика преподавания - это очень важный компонент в обучение.*

*Без определенных методик и приемов, преподаватель не сможет реализовать поставленные цели, сделать процесс обучения качественным и содержательным. Одним из эффективных и увлекательных методов преподавания для иностранных студентов является игровой метод в обучении иностранного языка. В его основе лежит мотивация. Игровые методы стимулируют познавательный интерес студентов на уроках кыргызского языка. В игре все равны, и она доступна даже самым слабым студентам. В данной статье рассматривается метод игры как один из важных факторов при организации процесса обучения кыргызскому языку как иностранному языку. Была попытка выявить, как игры помогают при обучении кыргызскому языку, какие функции они выполняют и какие игры можно использовать на уроках кыргызского языка, чтобы добиться большего успеха на уроках.*
***Ключевые слова:*** *Разнообразные методы, эффективный и увлекательный метод, игровой метод.*

***Abstract****: Nowadays, main attention is paid to creating various methods of teaching Kyrgyz language as a foreign language. There are many methods of teaching foreign languages. Each of the techniques is effective in its own way. A variety of teaching methods enable teachers to teach students intelligently, efficiently and effectively. The teaching methodology is a very important component of teaching. Without certain methods and techniques, the teacher will not be able to realize the goals, make the learning process high-quality and meaningful. One of the most effective and fun teaching methods for students is teaching a foreign language through games. It is based on motivation. Game methods stimulate the cognitive interest of schoolchildren in a foreign language lesson. In the game, everyone is equal and it is available even to the weakest students. The material is absorbed unconsciously. In this article, the game as one of the important factors in organizing the process of teaching a Kyrgyz language. We looked at how games help in learning a foreign language, what functions they perform and what games can be used in Kyrgyz language lessons to be more successful in class.*
***Key words:*** *A variety of teaching methods****,*** *effective and fun teaching methods, game method.*

---

**Кириш сөз**. Бүгүнкү күндө чет тили катары кыргыз тилин окутууда мугалимдердин алдында төмөнкү маанилүү маселелерди чечүү турат: коммуникация менен системалуулуктун өз ара байланышы, маданияттар аралык баарлашуу маселелери жана тилди өздөштүрүүгө жаңы технологияларды киргизүү. Сабакты кантип кызыктуу жана жемиштүү өтүү керек? Коомдун тез, динамикалык өнүгүүсүнүн шартында билимди көп талап кылган жана маалыматтык технологиялардын кеңири жайылышынын шартында ар түрдүү маалыматтар адамдарга ар тараптуу таасир этип, аларды гумандаштыруу жолу менен искусствого ээ болуу өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Себеби адам менен искусство ажырагыс нерсе. Демек студенттерди өнүктүрүү, тарбиялоо маселелерин чечүүдө, искусство каражаттарын колдонуу менен заманбап билим берүү практикасында ар түрдүү технологияларды колдонуу жана ишке ашыруу процесси табигый көрүнүш. Искусствонун студенттердин интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн сабакта да, сабактан тышкаркы иштерде да чексиз мүмкүнчүлүктөр бар. Сабакта көркөм өнөрдүн ар кандай жанрлары окуу процессин бай жана кызыктуу кылып, педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун камсыздай алат. Чет тилди окутуудагы эң популярдуу жана эффективдүү ыкмаларынын бири - искусствого багытталган окутуу ыкмасы. Демек, искусствого багытталган окутуу методикасы бул – билим берүүнүн алкагында тарбиялоо гана эмес, көркөм каражаттар аркылуу түзөтүү жана өнүктүрүү процессинин бардык компоненттерин караган инновациялык модель. Көркөм каражаттарга: ар кандай көрсөтмө куралдар, видео көрүү, музыка угуу, көркөм ырларды жаттоо, ырларды ырдоо, чыгармаларды драмалаштыруу жана ар кандай ролдорду ойноо. Мунун баары студенттердин кыргыз тилин үйрөнүүгө кызыгуусун арттырат, интеллектуалдык өнүгүүсүн тездетет. Чет тилин үйрөнүүдө студенттерге көркөм технологиялардын элементтерин колдонуу көп нерсени берет: окуп жаткан материалды өздөштүрүүгө шарт түзөт, окууну тездетет, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө, баарлашуу жана угуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Окуу процессин башкаруу үчүн окутуучу ишин толук түшүнүп, билип, окуугa жана студенттерге таасир бериши, сабактагы маектешүү максималдуу түрдө реалдуу маектешүүгө жакындашы керек.Ошон үчүн студенттин ички толкундоосун, анын ката кетирип башкаларга күлкү болуу коркунучун жоюу керек.

Ушунун баары студенттер менен байланыш түзүлгөндө, сабактарда да ак ниеттүүлүк атмосферасы, чыныгы кызыккандык, окуу ийгиликтүү болооруна ишенгендик орун алганда, буйрук берүү ыкмалары колдонулбаганда гана жоюлат.Окутуучу менен студенттер бири-бирине жөлөк-таяк мамиледе болушат.

**Изилдөө.** Кыргыз тилин чет өлкөлүк студенттерге окутуу — бул терең ойлонулган, методикалык негизде ишке ашырылуучу процесс. Кыргыз тилинин грамматикалык түзүмү жана фонетикалык өзгөчөлүктөрү башка тилдерден айырмалангандыктан, чет өлкөлүк студенттердин тилди натыйжалуу өздөштүрүшү үчүн атайын методикалар талап кылынат. Бул макалада кыргыз тилин чет өлкөлүк студенттерге үйрөтүүдө эң маанилүү жана натыйжалуу ыкмаларга токтолобуз жана алардын ар бири белгилүү авторлордун илимий эмгектеринде кандайча баяндалганын көрсөтөбүз.

1. **Коммуникативдик метод**

Коммуникативдик метод чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин үйрөтүүдө эң натыйжалуу деп эсептелинет. Бул метод тилди практикалык колдонуу аркылуу өздөштүрүүнү баса белгилейт. Коммуникативдик методдун негизги максаты — студенттерди тилди күнүмдүк турмушта колдонууга үйрөтүү. Бул методду Ж. Б. Чынасылов өзүнүн «Кыргыз тилин окутуунун коммуникативдик методдору»- аттуу эмгегинде кеңири түшүндүрөт [13, 45-60-б]. Чынасылов тил үйрөнүүдө коммуникативдик тапшырмалардын маанилүүлүгүн белгилеп, студенттерди жандуу сүйлөшүүлөргө тартуунун зарылдыгын айткан.

Коммуникативдик метод артыкчылыгы: Студенттер күнүмдүк турмуштук кырдаалдарда тилди колдоно башташат. Жандуу сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу жөндөмдөрү бирдей өнүгөт. Сөз байлыгын активдүү колдонууну камсыздайт.

**2. Тилге толук чөмүлүү методу**

Бул метод чет өлкөлүк студенттерге тилди өздөштүрүүдө терең практикалык колдонуу шарттарын түзөт. А. А. Исмаилов өзүнүн «Толук чөмүлүү жолу менен тил үйрөтүү» -аттуу ишинде тил чөйрөсүндө болуу студенттердин тилди тез өздөштүрүүсүнө чоң жардам берерин белгилеген [8, 82-95-б]. Бул методдо студенттер кыргыз тилин курстун алкагында гана эмес, күнүмдүк жашоодо да колдонушу керек. Тилди натыйжалуу үйрөнүү үчүн кыргыз тилин практикалык түрдө колдонуу талап кылынат. Студенттер кыргыз тилин чыныгы турмуштук контексттерде колдонушат. Жакын арада тилдик тоскоолдуктарды жеңүүгө жардам берет.

**3. Лексикалык метод**

Лексикалык метод чет өлкөлүк студенттерге тилди өздөштүрүүдө сөздөрдү жана сөз айкаштарын үйрөтүүгө басым жасайт. Бул методго ылайык, тил үйрөнүү грамматикалык эрежелерди үйрөнүүдөн баштапкы лексикалык топтомдорду жана сүйлөмдөрдү колдонууну үйрөнүүдөн башталат. К. Ж. Асанов өзүнүн «Лексикалык методдор аркылуу тилди өздөштүрүү» аттуу китебинде лексикалык методдун чет өлкөлүк студенттер үчүн маанилүүлүгүн жана натыйжалуулугун баса белгилейт [2, 39-52-б]. Студенттер сөздөрдүн маанисин жана колдонулушун контекстте үйрөнүшөт. Тилди жандуу колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.Күнүмдүк турмушта керектелген сөз байлыгын натыйжалуу өздөштүрөт.

**4. Проекттик иш методу**

Проекттик иш методу — бул студенттерге тилди колдонуунун практикалык багыттарын сунуштаган метод. Г. С. Абдрахманов өзүнүн «Кыргыз тилин үйрөтүүдө проекттик иш методдору» эмгегинде тилди колдонуу боюнча конкреттүү долбоорлорду аткаруу студенттердин тилин практикалык жактан өнүктүрүүгө чоң салым кошот деп белгилейт. [1, 74-89-б]. Студенттер презентациялар, макалалар жана башка долбоорлор аркылуу тилди активдүү колдонууга үйрөнүшөт. Студенттер кыргыз тилин иш жүзүндө колдонууга үйрөнүшөт. Креативдүү жана аналитикалык ойломдорду өнүктүрөт. Тилдик чөйрөнү өз алдынча изилдөөгө шарт түзөт.

**5. Мультимедиялык жана технологиялык каражаттарды колдонуу**

Технологиялардын өнүгүшү менен тилди окутууда мультимедиялык ресурстарды колдонуу актуалдуу болуп калды. С.А. Турсунбаев өзүнүн «Кыргыз тилин мультимедиялык каражаттар менен үйрөтүү»- эмгегинде мультимедиялык каражаттарды колдонуу тил үйрөнүүнү жеңилдетет жана кызыктуу кылат деп айткан [12, 101-118 б].

Ар кандай мобилдик колдонмолор, веб-сайттар жана онлайн курстар студенттерге өз алдынча иштөөгө мүмкүнчүлүк берет. Студенттерге өз алдынча тил үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн берет. Сабактар кызыктуу жана интерактивдүү болуп калат. Тилди ар түрдүү куралдар аркылуу өздөштүрүүгө болот.

**6. Оюндук методдор**

Оюндук методдор тил үйрөнүүнү кызыктуу жана жеңил кылып көрсөтөт. Н.А. Мамытов өзүнүн «Оюндар аркылуу кыргыз тилин үйрөтүү» аттуу китебинде тилди үйрөнүү оюндар аркылуу студенттерди мотивациялоонун жана тил үйрөнүүгө кызыктыруунун эффективдүү жолу деп белгилейт [10, 66-78 б.] Оюн аркылуу студенттер тилди стресске түшпөстөн, өздөрүнө жагымдуу шартта үйрөнүшөт. Студенттердин тилге болгон кызыгуусун арттырат. Жөнөкөй кырдаалдарда тилди колдонууга үйрөтөт. Сабактар кызыктуу жана таасирдүү өтөт.

Көптөгөн методисттердин ою боюнча чет элдик студенттерге тилди үйрөнүүнүн алгачкы этабында “оюндар” эффективдүү окутуу формаларынын бири болуп саналат. Оюндардын жардамы менен студенттердин башка тилге болгон кызыгуусу өсөт. Чет тилдин маалымат базасы түзүлөт: сөздүк, сөз айкаштары, сүйлөө механизмдери түзүлөт, эс тутумду жакшыртат жана жөндөмүн өстүрөт. Бул ыкма жөндөмү начар студенттерди да өзүнө тартат жана жакшы таасирин тийгизет. А.В.Конушеванын ою боюнча бул ыкма окуу процессин маңыздуу жана сапаттуу кылат: анткени ар бир студентти таанып –билүү иш аракетине тарта алат жана билим берүүнүн натыйжалуу каражаты болуп саналат.

Оюн бул студенттердин өзүн көрсөтүү, өз алдынча чечим чыгаруу жана өзүн –өзү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн берген иш аракет.

Оюн - белгилүү бир натыйжага ээ болуп, студенттин максатка жетүүсүнө түрткү берет.

Оюндун натыйжасы студенттин өзүнөн, даярдыгынан, жөндөмдүүлүгүнөн жана чеберчилигинен негизиндеги окуу процесси.

Студенттердин оюндардан алган канааттануусу предметти үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырат.

Оюн ишмердүүлүгүнүн функцияларынын белгилүү классификациялары бар:

Окутуу – эс тутумду, көңүл бурууну, маалыматты кабыл алууну өнүтүрөт.

Тарбиялык – оюндагы өнөктөшүн сыйлайт, жардамдашат жана аны угат.

Көңүл ачуу - сабакта жакшы атмосфераны түзүп, сабакты башкача кызыктуу өтүү.

Коммуникативдик – чет тилинде баарлашуу атмосферасын түзөт, студенттер биргеликте оз ара чет тилде сүйлөшүүгө аракеттенет. [9, 41-б]

Оюн ыкмаларынын артыкчылыгы, студенттердин кызыгуусун жана позитивдүү сезимдерин ойготуп, таңууланган түрдө эмес, каалоосу менен тапшырмаларга көңүл бурууга жардам берет. Окутууда сюжеттик – дидактикалык, кыймылдуу жана кызыктуу активдүү ыкмалар бар. Мындай оюндар сабакта, тыныгууларда, көчөдө же башка жерлерде ойнотулушу мүмкүн жана студенттердин көңүлүн көтөрүп, сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Е.В. Ахраменконун [4, 41-б] айтуусу боюнча бир эле оюн бир нече функцияларды аткарышы мүмкүн:

Окутуу функциясы – жөндөмдүүлүтөрүн жана көндүмдөрүн өнүктүрүү мисалы: эс тутум, сабакка көңүл буруу, ар кандай маалыматтарды кабыл алуу.

Кызыгуу функциясы – сабакка жагымдуу атмосфераны түзүү, кызыксыз темадан кызыктуу темага өтүү.

Коммуникативдик функциясы – студенттик топторду түзүү жана эмоционалдык байланыштарды түзүү.

Кыргыз тили сабагында оюндар ийгиликтүү өтүшү үчүн кээ бир шарттарды эске алып, жакшылап даярдаш керек.

Оюн өтүлө турган теманын максатына жооп берээрин аныкташ керек.

Студенттерге тааныш материалдар боюнча түзүлүшү керек.

Окуу материалдарын бышыктоо жана кайталоого ылайык болушу шарт.

Оюндун эрежелери кыска жана так болушу керек.

Оюн учурунда студенттер озүн эркин сезиши керек жана мугалим тарабынан көп эскертүү берилбеши керек.

Оюндар көңүлдүү атмосферада болуусу шарт, өтө көп убакытты албашы керек.

Эгер команда менен иштесе студенттердин деңгээли бирдей болушу керек.

Ар бир оюндун аягында жыйынтык чыгарылышы керек.

Сабакта ар кандай оюндар лексиканы көбүрөөк эске тутууга жана тилди өздөштүрүүгө жардам берет.

Оюндардын классификациясы ар кандай мүнөзгө ээ болушу мүмкүн, бирок көбүнчө тил же коммуникативдик жөндөмдү өнүктүрөт. Коммуникативдик оюндардын негизги максаты тил байланышын өнүктүрүү болуп саналат. Тапшырмалар аркылуу студенттердин сүйлөө жөндөмдөрү калыптандырылат жана өнүктүрүлөт. Коммуникативдик оюндардын негизинде дискуссиялар, пикир алмашуу болот жана студенттер керектүү кооөндүмдөргө ээ болушат. Азыркы мезгилде коммуникативдик оюндардын ар кандай түрлөрү иштелип чыккан.

Тилдик оюндар лексикалык жана грамматикалык көндүмдөрдү өнүктүрөт, булар коммуникативдик этапка чейинки тилди өздөштүрүүдө колдонулат. Алар таркатма материалдарды колдонуу; ошонун негизинде студенттер өз алдынча оюндун мазмунун түшүнө алышат. Мындай көнүгүүлөр оозеки баарлашууну уюштурууга, диалогдук жана монологдук сүйлөө көндүмдөрүн үйрөтүүгө мүмкүндүк берет. Оюндардын ар кандай түрлөрү студенттердин активдүүлүгүн арттырат. Жөнөкөй, жана окшош типтеги оюндар улам татаалыраак жана ар кандай типтерге алмаштырылат. Ролдук оюндарды колдонуу сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатат жана сабакка болгон кызыгуусун арттырат.

Грамматикалык эрежелерди үйрөтүүдө кызыксыз көнүгүүлөр менен эмес, кызыктуу тексттердин жардамы менен тилди үйрөнүүгө кызыгуусун арттыруу.

Ошентип, диалог түзүү процессинде студенттер жаңы сөздөрдү жана сөз айкаштарын көп жолу үйрөнө алышат. Кыргыз тилин үйрөтүүдө бизге башкы маселе дал ушул деп эсептейбиз. Бир эле сөздү же сүйлөмдү көп жолу кайталоо менен эстеп калуу. Эгер студенттерге ыкмалар жакса алар мажбурлоосуз эле кызыгуу менен тилди жеңил жана эркин сүйлөөгө үйрөнө алышат. Оюн менен жаңы нерселерди гана үйрөнбөстөн, өткөн материалдарды дагы кайталай алышат. Эгерде эрежелерди же сөздөрдү кайра-кайра кайталабасак анда тез эле унутуп калышат. Оюндар кызыктуу тексттер менен диалогдорду үйрөтөт, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, сөз байлыкты толуктоого жана көз караштарды кеңейтүүго жардам берет, окуу процессин жеңилдетет.

Оюндар студенттердин кесиптик жана инсандык каражаты жана окуу процессинде жаңы материалдарды өздөштүрүүнүн эффективдүү каражаты боло алат. Окутуунун бул методунун эффективдүүлүгү мындай: көп сандагы сөз бирдиктерин өздөштүрүү, окуу мотивациясын түзүү, кыргыз тилине багыт алуу жана конкреттүү коммуникациялык кырдаалдарда жыйынтык чыгаруу жөндөмдүүлүгү, тилдик тоскоолдуктарды жоюу. Окуу процессинде студенттер материалдарды өздөштүрүүдө көп кыйынчылыктарга дуушар болушат. Бул психологиялык абал, бейтааныш тилде сүйлөө жана башка маданиятты кабыл алуу. Окутуучу теманы жакшы түшүндүрүү үчүн ар кандай оюн элементтерин колдонуп, студенттерге жакшы шарт түзүп берүүсү керек. Студенттер тилди кандай деңгээлде өздөштүрбөсүн, сүйлөмдөрдү толук эмес болсо да айта берсе болот.

Чет тилдерди окутуу практикасында оозеки сүйлөө маанилүү орунду ээлеп келген. Ошондуктан диалогдор, монологдор жана ар түрдүү коммуникациялык ситуациялага көбүрөөк көнүл буруу керек.

19-кылымдын аягында биринчилерден болуп оюнду системалуу түрдө изилдөөгө аракеттенген немец окумуштуусу К. Гросс оюнду жүрүм-турумдун эң баштапкы мектеби деп атаган. Ал үчүн, оюндар кандай гана сырткы же ички факторлор менен мотивдешпесин, алардын мааниси адам үчүн турмуш мектеби болорунда турат. Оюндун теориясын иштеп чыгууда өзгөчө орун советтик психологдорго, педагогдорго таандык. Окумуштуулар тарабынан оюндун негизги мүнөздөмөлөрү бөлүнүп көрсөтүлгөн. Алар оюнду адамдын активдүүлүгүнүн белгилүү бир чөйрөсү катары аныкташат.

Ролдук оюндар – тилдерди окутуудагы коммуникативдик ыкма, ал реалдуу кырдаалдарда мүмкүн болушунча ишке ашырылат, мында ролдор студенттер арасында бөлүштүрүлөт, (сатуучу –сатып алуучу,

дарыгер – бейтап жана башкалар.) бир типтүү окутууда студенттер сабактан тажайт, чарчашат жана материалдарды кабыл алуусу начарлайт. Демек кыргыз тилин чет тили катары окутуунун маанилүү элементтеринин бири оюндар болуп калууга тийиш. Алар студенттерди өздөрүн эркин алып жүрүүсүнө шарт түзөт, окутуучуга жаңы материалды өтүүгө жана бышыктоого мүмкүндүк берет, сабак убагында чыгармачылык да кырдаал түзүлөт. Мындай ыкма жаны материалдарды жакшы өздөштүрүүгө жардам берет. Ошондой эле отурган кабинеттерде да ар кандай шарттардын болушу, мисалы кабинеттин жасалгасы, отургучтар, көрсөтмө куралдар, мимикалар дагы студенттердин бири бири менен баарлашуусуна өбөлгө түзөт. Оюндар толеранттуулукту, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрөт жана баарлашууда тажрыйба алууга салым кошот. Ролдук оюндар реалдуу коммуникативдик шарттарга багыт берип, тилди зарыл болгондо сүйлөөгө түрткү берет. Ар кандай жагдайларда студенттердин жергиликтүү калк менен диалогдук сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү берет. Сөздөрдү оюндар аркылуу көп кайталоо студенттердин монотондуу сезимин пайда кылбайт.

Мындай шартта жаны материал да, өтүлгөн материалдар да жаныланат. Сабакта ар кандай оюндарды колдонсо болот, бирок алардын бардыгы атаандаштык, практикалык мүнөзгө ээ. Ошолордун бири диалогдук- драмалаштыруу оюну. Мисалы: “Роль аткаруу” ыкмасында артисттик жөндөмү жана жоопкерчилиги күчтүү болгон студенттерди ар бир топторго башчы кылып бөлсө болот. Эгер тайпада 12 студент болсо 3 топко бөлүнүп иштейт. Негизги ролду артисттик жөндөмү күчтүү студенттер аткарышса, артта калган студенттер эпизоддук ролду ойнойт. Роль аткарууда кайсы бир диалогду жатташып эпизод аткарышат. [7, 42-б]

Интерактивдүү экзамен ыкмасы – бул абдан эффективдүү жакшы кайталоо ыкмасы. Бул ыкманы модуль тапшырууда колдонсок болот. Модулда ар бир өтүлгөн тема боюнча бирден суроо даярдап, студенттерге таратып беребиз. 10-15 мүнөт даярданышат (кимге кайсы суроо келсе ошол гана суроого даярданышат). Убакыт бүткөндө студенттердин жарымы мугалим, жарымы студент болуп бөлөбүз. Мугалим тобуна киргендер отурушат, студент болгондор кыдырып, тест тапшырышат. Баары бүткөндө алар орун алмашышат. Мугалим болгондор – студент, студент болгондор – мугалим болуп, кайра сынак башталат
[7, 33-б].

Кыргыз тилин үйрөтүүдө текст менен иштөөгө да көп көңүл бурулат, себеби текст аркылуу лексикалык бирдиктер (запас), грамматиканын негиздери (структурасы), оозеки сүйлөөсү жана ой жүгүртүүсү артат. Студенттердин сөздөрдү байланыштырып, өзүнүн оюн топтоп айтууга жана сөздү туура айтууга көндүрүү керек. Студенттерге жеңил сөздөрдү, кыска сүйлөмдөрдү айтып, кандай сөздөрдү угушканын сурамжылоо аркылуу тилге кызыктыруу керек.

**Жыйынтык.** Чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин үйрөтүүдө колдонулуучу ар кандай методдор ар бири өзүнүн өзгөчөлүгү жана артыкчылыктары менен айырмаланат. Жогоруда баяндалган коммуникативдик, толук чөмүлүү, лексикалык, проекттик иш, мультимедиялык жана оюндук методдор тилди үйрөтүүдө натыйжалуу деп эсептелинет. Аталган методдорго негизделген илимий адабияттар жана эмгектер чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин натыйжалуу үйрөтүүнүн эң маанилүү ыкмаларын сунуштайт.

Туура тандалып алынган оюн ыкмалары студенттердин мотивациялайт, сабакта тынч атмосфераны түзүүгө жана тоскоолдуктарды жоюга жардам берет. Мугалимдин чыгармачылыгы менен оюн ыкмаларын сабак менен айкалыштыруу сабакты абдан кызыктуу кылат, студенттер бардык сабактарда активдүү болууга мүмкүндүк берет жана алар кызыгуу менен тилди өздөштүрүп, жакшы натыйжаларга ээ болушат. Мугалимдерге студенттердин инсандык сапаттарын: эмгекчилдигин, активдүүлүгүн, өз алдынча иштөөсүн билүүгө жардам берет.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫ ТИЗМЕСИ:


1. Абдрахманов, Г. С. Кыргыз тилин үйрөтүүдө проектик иш методдору. —Бишкек: Илим, 2016. —308 б.
2. Асанов, К. Ж. Лексикалык методдор аркылуу тилди өздөштүрүү. —Бишкек: Вестник Кыргыз Мамалекеттик университети И.Арабаев атындагы, 2012. —68-85 б.
3. Ахраменко Е.В Использование игр при обучении иностранному языку.—М.: 2018. — 320 б.
4. Исаков Б, Кызыктуу сабак өтүүнүн заманбап 70 ыкмасы. [Текст] / Исаков Б, Смаилова А, Алетта А. — Бишкек. 2022. — 290 б. 5. Исмаилов, А.А. Толук чөмүлүү жолу менен тил үйрөтүү. —Бишкек: Манас Пресс, 2015. —130 б. 6. Конушева А. В. Современные методы обучения английскому языку [Текст] / – Минск: ТетраСистемс, 2004. — 175 -б.
7. Мамытов Н. А. «Оюндар аркылуу кыргыз тилин үйрөтүү» [Текст] / Мамытов Н. А. Бишкек. 2021. — 289 б.
8. Прокофьева В.Л. Арт-ориентированная концепция обучения иноязычной коммуникации в науке об обучении и воспитании // Вестник ВГГУ. — Киров: Вятский государственный университет, 2010. — 114-117- б.
9. Турсунбаев, С.А. Кыргыз тилин мультимедиялык каражаттар менен үйрөтүү [Текст] / Турсунбаев, С.А. —Бишкек: Раритет, 2014. —238 б. 10. Чынасылов, Ж.Б. «ыргыз тилин окутуунун коммуникативдик методдору. —Бишкек:
   Наука. 2013.— 260 б.